FOREVER®

# ЖЕКЕ МААЛЫМАТТЫ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ

Акыркы өзгөртүүлөр: 2024-жылдын 18-декабры

# Мазмуну


БИЗ КИМБИЗ ... 3

СИЗ БИЗГЕ БЕРЕ АЛА ТУРГАН МААЛЫМАТ ... 3

БАШКА БУЛАКТАРДАН АЛЫНГАН МААЛЫМАТ ... 4

COOKIE ФАЙЛДАРЫ ... 4

МААЛЫМАТТАРЫҢЫЗДЫ АЧЫККА ЧЫГАРУУ ... 5

ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫҢЫЗДЫ КАЙДА САКТАЙБЫЗ ... 6

ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК, КОНТРОЛДОО ЖАНА УКУКТАРЫҢЫЗ ... 7

КАТТООЛОРДУ САКТОО ... 7

БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ ОНЛАЙН МААЛЫМАТКА КАРАТА САЯСАТ ... 8

АКШ ШТАТТАРЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ЖЕКЕ ЖАШООГО КОЛ ТИЙБЕСТИК УКУГУ ... 8

ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ... 8

УКУГУ ... 8

МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ РЕГЛАМЕНТ № 2016/679 (GDPR-EC) ... 9

LEI GERAL DE PROTEÇÃO DE DADOS № 13.709 / 2018 ЖЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МЫЙЗАМ (LGPD- БРАЗИЛИЯ) ... 9

ЖЕКЕ ЖАКТАРДЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ФЕДЕРАЛДЫК МЫЙЗАМ (LFPDPPP - МЕКСИКА) ... 10

ЖЕКЕ ЖАШООНУ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ №119 (1988-Ж.) (ЖЕКЕ ЖАШООНУ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ - АВСТРАЛИЯ) ... 10

КАНАДАНЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ЖАНА ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТТЕРДИ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМЫ (PIPE-DA) ЖАНА АЛБЕРТА ЖАНА БРИТАНИЯЛЫК КОЛУМБИЯ ПРОВИНЦИЯЛАРЫНЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРЫ (PIPA) ... 10

2023-ЖЫЛДАГЫ ИНДИЯНЫН САНАРИПТИК ФОРМАТТАГЫ ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМЫ (DPDPA) ... 11

ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ (AI) КОЛДОНУУ ... 12

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕГИ № 58 "ЖЕКЕ МҮНӨЗДӨГҮ МААЛЫМАТ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМЫ (2022-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ АКЫРКЫ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРҮ МЕНЕН) ("ЖЕКЕ МҮНӨЗДӨГҮ МААЛЫМАТ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМ) ... 12

ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ САЯСАТЫ ... 12

ЖООПКЕРЧИЛИКТЕН БАШ ТАРТУУ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЧЕКТӨӨ ... 12

ЖООПКЕРЧИЛИКТЕН БАШ ТАРТУУ ... 12

ЗЫЯНДЫН ОРДУН ТОЛТУРУУ ... 13

ЖОБОЛОРДУН АЖЫРАТЫЛЫШЫ ... 13

БИЗ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ... 13

ЖЕКЕ МААЛЫМАТТЫ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮГӨ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ... 13

***Укуктук эскертүү:** Ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүү жайгаштырылган Forever Living Products компаниясынын (мындан ары – "FLP" компаниясы" / "FLP") кайсы бир веб-сайтына кирүү менен сиз ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө аныкталган аракеттерди толугу менен кабыл алууга жана аткарууга макул болосуз.*

## БИЗ КИМБИЗ

1978-жылы негизделген жана башкы кеңсеси Аризона штатынын Скоттсдейл шаарында жайгашкан “FLP” компаниясы алоэ вера өстүрүү, өндүрүү жана жайылтуу боюнча дүйнөдөгү эң ири компания болуп саналат. Дүйнө жүзү боюнча 150дөн ашуун өлкөдө иш алып барган “FLP” компаниясы өз ишинде талаалардан баштап өндүрүш, изилдөө жана иштеп чыгуу, таңгактоо, жеткирүү жана жайылтуу аянтчаларына чейин бардык деңгээлде контролду жүзөгө ашыруудан турган вертикалдык интеграциялык ыкманы колдонот. “FLP” компаниясынын өнүмдөрүнүн эксклюзивдүү линейкасы дүйнө жүзүндөгү адамдарга жакшыраак көрүнүүгө жана өздөрүн жакшы сезүүгө жардам берет. “FLP” компаниясы жөнүндө кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү веб-сайтка кириңиз: http://www.foreverliving.com.

Сураныч, ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүнү кылдат окуп чыгыңыз. Бул сиздин жеке маалыматтарыңызга (өздүк маалыматтарыңызга) карата көз караштарыбызды жана мамилебизди, ошондой эле аларга кандай мамиле кылаарыбызды түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

## СИЗ БИЗГЕ БЕРЕ АЛА ТУРГАН МААЛЫМАТ

Сизге кызмат көрсөтүүлөрдү берүүдө эң мыкты тажрыйбабызды камсыз кылуу максатында биз сиз берген маалыматтарды төмөндө көрсөтүлгөндөй чогултуп, иштете алабыз. Биз сиздин жеке маалыматтарыңызды эч кандай шартта сатпайбыз. Сиз берген жеке маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Аты-жөнү
- Дареги (даректери)
- Телефон номери (номерлери)
- Электрондук почта дареги (даректери)
- Туулган күнү
- Төлөм маалыматы (мисалы, кредиттик картанын реквизиттери)
- Банктык эсептин реквизиттери
- Буйрутма (лар) жөнүндө маалымат
- Социалдык камсыздандыруу номери / салык номери
- Жеке мүнөздөмө
- Кол тамга (лар)
- Жубайынын аты-жөнү
- Жубайы жөнүндө маалымат
- Кардарларды колдоо кызматынын телефондук сүйлөшүүлөрүн каттоо
- Сүрөт
- Түздөн-түз же кыйыр түрдө сизди идентификациялай турган башка маалыматтар.

Мезгил-мезгили менен ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн (мисалы, бонустарды кошуу үчүн) сиздин башка жеке маалыматтарыңыз жана документтериңиз чогултулушу мүмкүн. Бул категориядагы маалыматтар белгилүү иш-аракеттерди аткарууда сиз бизге берген маалыматтарды камтыйт:

- Forver Ишкери (“FBO”) же Артыкчылыктуу кардар катары FLPге кошулуу үчүн FLP веб-сайты аркылуу арыз берүү;
- FLP веб-сайтынан өнүмдөрдү сатып алуу же буйрутманы жиберүү;
- Конкурстарга, өнүмдөрдү илгерилетүү иш-чараларына же сурамжылоолорго катышуу;
- Форумдарга катышуу, кызмат көрсөтүүлөр жана/же өнүмдөр тууралуу комментарийлерди же пикирлерди берүү аркылуу FLP веб-сайтынын ар кандай интерактивдүү аспектилерине катышуу;

- FLP веб-сайтынан маалыматтык суроо-талапты берүү;
- FLP веб-сайтындагы көйгөй жөнүндө кабарлоо; же
- Маркетингдик материалдарды алууга макулдук берүү.

FLP колдонуудагы федералдык, штаттык жана жергиликтүү мыйзамдардын талаптарын аткаргандыгы менен сыймыктанат жана коммерциялык ишмердүүлүккө байланыштуу процесстерде же атыңыздан каржылык операцияларды жүргүзүүдө FLP колдоо көрсөткөн учурларды кошпогондо, жеке маалыматтарыңызды үчүнчү тараптын компаниялары же жеткирүүчүлөрү менен бөлүшпөйт.

Жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга өткөрүп берүүдө бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүү сиз жеке маалыматтарыңызды иштетүүгө жана сактоого макулдук бергенден кийин гана жеке маалыматтарыңызга карата колдонулат.

### БИЗ СИЗ ЖӨНҮНДӨ ЧОГУЛТА АЛА ТУРГАН БАШКА МААЛЫМАТ

FLPнын веб-сайттарына ар бир киргениңизде биз төмөнкү маалыматтарды чогулта алабыз:

- Техникалык маалымат, анын ичинде компьютериңизди Интернетке туташтыруу үчүн колдонулган Интернет-протоколунун (IP) дареги, тутумга кирүү үчүн маалыматтар, браузердин түрү жана версиясы, убакыт алкагын жөндөөлөр, туташтырылган браузердин модулдарынын түрлөрү жана версиялары, операциялык тутум жана платформа;
- Сайтка киргениңиз тууралуу маалымат, анын ичинде толук унификацияланган ресурстар көрсөткүчтөрү (URL), биздин веб-сайтка кирүүлөрдүн тарыхы, биздин сайттан жана биздин сайтка өтүү маршруту (анын ичинде күнү жана убактысы), сиз караган же издеген өнүмдөр, баракчанын жооп убактысы, жүктөө каталары, белгилүү баракчаларга кирүүнүн узактыгы, баракчада өз ара аракеттенүү жөнүндө маалымат (мисалы, курсорду сыдыруу, чычканды чыкылдатуу жана жылдыруу), баракчадан башка баракчага өтүү үчүн колдонулган ыкмалар, биздин кардарларды тейлөө кызматынын номерине чалуу үчүн колдонулган ар кандай телефон номери жана биз менен байланышуу үчүн колдонулган ар кандай электрондук почта дареги.

## БАШКА БУЛАКТАРДАН АЛЫНГАН МААЛЫМАТ

Биз үчүнчү тараптар (анын ичинде, мисалы, бизнес өнөктөштөр, техникалык жана каржылык кызматтардын субподрядчылары, жеткирүү кызматтары, жарнама тармактары, аналитикалык жана издөө маалыматтарын берүүчүлөр) менен тыгыз иштешип, алардан сиз жөнүндө маалыматтарды ала алабыз. Жогоруда көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүчүлөрдөн сиз жөнүндө маалыматтарды алган учурда, биз бул жөнүндө, ошондой эле алынган маалыматты кандай максаттарда колдоно тургандыгыбыз жөнүндө сизге маалымдайбыз.

## COOKIE ФАЙЛДАРЫ

Cookie файлдары – бул колдонуучу маалыматты карап жатканда маалыматты эстеп калуу (мисалы, Интернет-дүкөндөгү сатып алуулар себетине кошулган элементтер) же колдонуучунун Интернеттеги аракеттерин каттоо максатында веб-сайттан жөнөтүлгөн жана колдонуучунун компьютеринде колдонуучунун веб-браузеринин жардамы менен сакталган маалыматтардын кичине фрагменттери. FLP бул файлдарды сактоонун жана пайдалануунун ачык-айкындыгын башкаруу жана камсыз кылуу максатында үчүнчү тараптын cookie файлдарын колдонууга макулдукту башкаруу платформасын колдонот. Биз cookie файлдарын биздин сайттарга киргендер тууралуу маалыматтарды талдоо, сайтты жакшыртуу, жекелештирилген мазмунду көрсөтүү жана колдонуучуларга сайтты колдонууну ыңгайлуу кылуу үчүн колдоно алабыз. Биз колдонгон cookie файлдары тууралуу кененирээк маалыматты алуу үчүн cookie файлдарын колдонууга макулдукту башкаруу платформабызга кириңиз жана биздин cookie файлдарынын категориялары жана Cookie файлдарын колдонуу саясаты менен таанышуу үчүн "Жөндөө" тандаңыз. Ошондой эле, сайттын баракчасынын төмөнкү колонтитулундагы "Cookie файлдарынын параметрлери" шилтемеси боюнча өтүү менен cookie файлдарын тандоолоруңузду каалаган убакта өзгөртө аласыз. Cookie файлдарын колдонуу саясаты жана Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүү, анын ичинде колдонуучунун бардык cookie файлдарынын жөндөөлөрү бардык ForeverLiving.com веб-сайттарына жана суб-домендерине карата колдонуларына көңүл буруңуз.

Cookie файлдарын колдонууга макулдукту башкаруу платформасынан cookie файлдарын жөндөөдөн тышкары, көпчүлүк браузерлерде "Жардам" функциясын колдоно аласыз, ал сизге браузериңиздин жаңы cookie файлдарын кабыл алуусуна кантип жол бербөө керектигин, жаңы cookie файлын алганыңызда браузериңиздин сизди кантип кабардар кылышы керектигин же cookie файлдарын кантип толугу менен өчүрүүнү айтып берет.

Мындан тышкары, сиз жөндөөлөрдү өзгөртүү же анын өндүрүүчүнүн веб-сайтына кирүү аркылуу Flash cookie файлдары сыяктуу браузердин жөндөөлөрү колдонгон окшош маалыматтарды өчүрүп же жок кыла аласыз,

Cookie файлдары FLPнин айрым маанилүү функцияларын колдонууга мүмкүндүк бергендиктен, аларды ачык бойдон калтырууну сунуштайбыз; муну менен биз сизге веб-сайтты өзүңүздүн каалоолоруңузга ылайыкташтыруу мүмкүнчүлүгүн беребиз.

## МААЛЫМАТТАРЫҢЫЗДЫ АЧЫККА ЧЫГАРУУ

Биздин колдонуучулар, FBO же кардарлар жөнүндө маалымат ишибиздин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана мындай маалыматтарды үчүнчү жактарга сатууну көздөбөйбүз. Биз жеке маалыматтарды төмөндө көрсөтүлгөн учурларда, ошондой эле дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жайгашкан туунду компанияларга өткөрүп беребиз. Төмөнкү жагдайларда биздин коммерциялык ишмердүүлүктүн максаттары үчүн зарыл болгон жеке маалыматтарыңызды ачыкка чыгарууга укугубуз бар экенине макул болосуз:

- **FLP ичинде ачыкка чыгаруу**: мыйзамдын талаптарына ылайык ишмердүүлүгүүздү натыйжалуу жүргүзүү үчүн сиздин маалыматтарыңыздын сакталышын жана ар кандай түзүмдөрүбүздө ачыкка чыгарылышын талап кылабыз.
- **Бизнес (коммерциялык) максаттары:** жеке маалыматтар FLP бизнес-мүмкүнчүлүгүнүн бир бөлүгү болгон же болгусу келген башка адамдарга чектелген көлөмдө өткөрүп берилиши мүмкүн (мисалы, сиздин толук аты-жөнүңүз жана учурдагы FBO статусуңуз таануу отчетторунда пайда болушу же FBO үчүн жеткиликтүү болушу мүмкүн, эгерде сиз алардын төмөнкү же жогорку иерархиясында турсаңыз). Эгер сиз FBOда өз ишмердүүлүгүңүздү токтотсоңуз, бул маалымат жок кылынат жана өткөрүп берилбейт.
- **Үчүнчү тарап кызмат көрсөтүүчүлөр**: Биздин атыбыздан электрондук почта аркылуу кат жөнөтүү, кайталануучу маалыматты кардарлардын тизмесинен алып салуу, маалыматтарды талдоо, маркетингдик жардам көрсөтүү, издөө натыйжаларын жана шилтемелерди берүү, кредиттик карталар боюнча төлөмдөрдү иштетүү жана кардарларды тейлөө сыяктуу функцияларды аткаруу үчүн башка компанияларды жана жеке жактарды жалдайбыз. Мындай кызмат көрсөтүүчүлөр келишимдик милдеттенмелерге ылайык өз функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон жеке маалыматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок алар бул маалыматтарды башка максатта колдоно алышпайт.
- **Жарнамалык сунуштар:** FLP сиздин ачык макулдугуңуз болбой FLP менен байланышы жок жеке маалыматтарыңызды үчүнчү тарапка эч качан сатпайт, соодалабайт же ижарага бербейт. Мезгил-мезгили менен FLP сизге сунуштарды жана жарнамалык материалдарды (1) сиз сатып алган же сураган нерселерге окшош FLP тарабынан сунуш кылынган башка өнүмдөр жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу же (2) өнүмдөрүбүздөгү жана кызмат көрсөтүүлөрүбүздөгү өзгөрүүлөр жөнүндө кабарлоо максатында жөнөтүшү мүмкүн. Жеке жактар flpkyrgyzstan@yahoo.com электрондук почта аркылуу же +996 312 62 49 06 телефон номери аркылуу веб-сайттын өзүндө мындай жарнамалык сунуштардан каалаган убакта баш тарта алышат.
- **FLP жана башка жактарды коргоо:** Жеке маалыматтарды ачыкка чыгаруу мыйзамдын талаптарына ылайык деп эсептесек, бул маалыматтарды колдонуу шарттарын, ошондой эле башка келишимдердин шарттарын аткаруу үчүн зарыл болсо, же мындай маалыматты ачыкка чыгаруу FLPнин, биздин кардарлардын же башкалардын укуктарын, мүлкүн же коопсуздугун коргоо үчүн зарыл болсо, каттоо эсебин жана башка жеке маалыматтарды ачыкка чыгарабыз. Бул иш-аракеттер алдамчылыктан коргоо жана кредиттик тобокелдикти азайтуу үчүн башка компаниялар жана уюмдар менен маалымат алмашууну камтышы мүмкүн. Албетте, мындай иш-аракеттерге ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө аныкталган милдеттерди бузуу менен жеке маалыматтарды сатуу, ижарага берүү, алмашуу же кардарлардан коммерциялык максатта алынган жеке маалыматтарды башкача ачыкка чыгаруу кирбейт.
- **Сиздин макулдугуңуз менен:** Жогоруда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, сиздин

маалыматтарыңызды үчүнчү тараптарга өткөрүп берүү мүмкүн болгон учурда, сизге кабар берилет жана сиз мындай өткөрүп берүүдөн баш тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз.

## ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫҢЫЗДЫ КАЙДА САКТАЙБЫЗ

Эгерде сиздин маалыматтарыңыз FLPнин чет элдик компаниясында сакталса, анда сиздин маалыматтарыңыз Европанын экономикалык аймагында (ЕЭА) иштеген кызматкерлер тарабынан сакталышы жана иштетилиши мүмкүн. Кошумчалай кетсек, биз сизден чогулткан маалыматтар АКШда, ЕЭАдан тышкаркы жерлерде, ошондой эле ЕЭАдан тышкаркы жерлердеги бир же бир нече түзүмүбүздө иштеген кызматкерлер тарабынан сакталышы жана иштетилиши мүмкүн. Мындай кызматкерлер арасында башка нерселер менен катар сиздин буйрутмаларыңызды аткаруу, төлөм реквизиттериңизди иштетүү жана колдоо кызматтарын көрсөтүү иштери менен алектенген кызматкерлер бар.

Мындан тышкары, сиздин маалыматтарыңызды FLPнин башка чет өлкөлүк компанияларына, анын ичинде ЕЭАда жайгашкан уюмдарга өткөрүп беришибиз керек болгон башка жагдайлар болушу мүмкүн. Маселен, FLP чет өлкөдө демөөрчү катары иш алып барган учурда, маалыматтар FLPнин Маркетингдик планына ылайык компенсацияны төлөө үчүн FLPнин чет өлкөлүк компанияларына өткөрүп берилиши мүмкүн. FBO жөнүндө бардык маалыматтар колдонуудагы мыйзамдарга, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, жеке маалыматтарды коргоо жана жеке жашоого кол тийбестик жөнүндө мыйзамдарга (мисалы, Маалыматтарды коргоо боюнча жалпы регламент (ЕБ) 2016/679) ылайык FLPнин башка чет элдик компанияларына өткөрүп берилет. Маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдар өлкөдөн өлкөгө өзгөрөт: айрым өлкөлөр башка өлкөлөргө караганда маалымат коргоонун көбүрөөк деңгээлин камсыз кылат. Сиздин маалыматтарыңыз иштетилип-иштетилбегенине карабастан, биз ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн маалымат коргоо деңгээлин колдонобуз.

Ошондой эле биз стандарттык келишимдик шарттар (СКШ) сыяктуу маалыматтарды өткөрүп берүү боюнча башка юридикалык талаптарды аткарабыз. СКШ – бул маалыматтарды коргоо боюнча тийиштүү чараларды ишке ашыруу аркылуу Европа Биримдигине мүчө өлкөлөрдөн үчүнчү өлкөлөргө маалыматтарды өткөрүп берүү үчүн негиз катары колдонулушу мүмкүн болгон тараптардын жазуу жүзүндөгү милдеттенмелери. СКШ Европа Комиссиясы тарабынан бекитилген, ошондой эле Улуу Британиядан жана Швейцариядан тышкаркы өлкөлөргө маалыматтарды берүү максаттары үчүн. Зарыл болсо, биз маалыматтарды өткөрүп берүүдө СКШга таянабыз.

Сиз жеке маалыматтарыңызды берүү менен алардын кайсы бир мыйзамдуу бизнес (коммерциялык) максаттары үчүн FLP тарабынан өткөрүп берилишине, сакталышына же иштетилишине макулдугуңузду берген болосуз.

Биз (1) сиздин маалыматтарыңыз коопсуз түрдө жана ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүгө ылайык иштетилишин жана (2) маалыматтарыңызды камтыган каттоолордун биздин Ички каттоолорду сактоонун глобалдык саясатына ылайык сакталышын жана жана жок кылынышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрөбүз. Биз жеке маалыматтарды сиз талап кылган кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл убакытка чейин, ошондой эле ар кандай мыйзамдуу юридикалык же бизнес максаттары үчүн гана сактайбыз; бул (1) биздин коммерциялык ишмердүүлүккө тиешелүү мыйзамда, келишимде же ушул сыяктуу милдеттенмелерде каралган; (2) биздин юридикалык/ келишимдик укуктарыбызды сактоо, коргоо же ишке ашыруу үчүн же (3) коммерциялык жана каржылык каттоолорду туура жана так жүргүзүү үчүн зарыл болгон сактоо мөөнөттөрүн камтышы мүмкүн.

Сиз бизге берген бардык маалыматтар коопсуз серверлерде сакталат. Биз сиздин маалыматтарды коргоо үчүн коргоо жана көзөмөлдөө программаларынын жана ыкмаларынын кеңири спектрин колдонобуз. Ар кандай төлөм транзакциялары Secure Sockets Layer (SSL) технологиясын колдонуу менен шифрленет. Кредиттик картанын маалыматтары менен иштөөдө төлөм карталарынын маалыматтарынын коопсуздук Стандартын (PCI DSS) карманабыз. Биз сизге биздин сайттын айрым бөлүктөрүнө кирүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү (же сиз тандаган) сырсөздү берсек, бул сырсөздүн купуялуулугун сактоо үчүн жооптуусуз. Сырсөзүңүздү эч ким менен бөлүшпөөнү жана уникалдуу, күчтүү сырсөздү колдонууну суранабыз.

Бир нече колдонуучулар менен компьютерде иштөөнү аяктагандан кийин тутумдан чыгууну унутпаңыз.

Тилекке каршы, маалыматты Интернет аркылуу өткөрүп берүү толук коопсуз эмес. Биз сиздин жеке маалыматтарыңызды коргоо үчүн колубуздан келгендин баарын кылсак да, биздин сайтка өткөрүп берилген маалыматтарыңыздын толук коопсуздугуна кепилдик бере албайбыз. Маалыматтарды өткөрүп берүү толугу менен өзүңүздүн тобокелиңиз боюнча гана жүзөгө ашырылат. Маалыматтарыңызды алгандан

кийин, биз уруксатсыз кирүүнү болтурбоо үчүн катуу процедураларды жана коопсуздукту камсыз кылуу чараларын көрөбүз.

## ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК, КОНТРОЛДОО ЖАНА УКУКТАРЫҢЫЗ

Каттоо процессинде каттоо эсебин түзсөңүз, сиз өзүңүз жана FLP менен болгон өз аракеттешүү тууралуу маалыматтарды көрө аласыз, жаңырта аласыз жана жок кыла аласыз. Эгерде сизде буйрутмаңызды ырастаган номер бар болсо, буйрутмаңызды өзгөртө аласыз жана жаңырта аласыз. Эгер маалыматыңызга өзүңүз кире албасаңыз же жаңырта албасаңыз, жардам алуу үчүн ар дайым FLP менен байланышсаңыз болот.

Эгерде сиз маалымат субъектинин кайсы бир укугун колдонгуңуз келсе же өз укуктарыңызды талкуулагыңыз келсе, ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүнүн “Биз менен байланыш” бөлүмүндө берилген байланыш маалыматтары аркылуу бизге кабарлаңыз. Текшерүү максатында биз сизден өзүңүздүн инсандыгыңызды тастыктап берүүңүздү (мисалы, Жеке маалыматтарды тастыктоо формасын толтурууну) талап кылышыбыз мүмкүн. Укуктарыңыздын көлөмү сиз туруктуу жашаган өлкөнүн мыйзамдарына ылайык аныкталат. Мисалы, эгер сиз Европа Биримдигинде жашаган жеке жак болсоңуз, Маалыматтарды коргоо боюнча жалпы регламенттин жоболору колдонулушу мүмкүн жана укуктарыңыздын көлөмү төмөндөгүдөй:

- Сиз жөнүндө бизде бар болгон маалыматтарга жетүү укугу.
- Маалыматтарды түзөтүү, көчүрүү, жок кылуу (өчүрүү), иштетүүнү чектөө, каршы чыгуу укугу
- Каалаган убакта макулдукту кайтарып алуу укугу.
- Көзөмөлдөөчү органга арыз берүү укугу.
- Керектүү маалыматтарды бербөөнүн кесепеттерин билүү укугу.
- Автоматташтырылган иштетүүгө гана негизделген чечимге баш ийбөө укугу.

Жашаган жериңизге жана шарттарыңызга жараша укуктарыңыздын кандай болушу мүмкүн экенин аныктоо үчүн конкреттүү юрисдикцияга арналган бөлүмгө өтүңүз. Бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүү жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын көптүгүнө жана үзгүлтүксүз өркүндөтүлүшүнө байланыштуу бардык мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды камтыбайт. Бирок, эгер сиз бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлбөгөн юрисдикциядагы жеке маалыматтарды коргоо мыйзамы же ченемдик укуктук актысы сизге тиешелүү деп эсептесеңиз, биз менен байланышыңыз жана биз бардык мыйзамдардын талаптарын мүмкүн болушунча аткарабыз.FLP төмөнкү жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын бардыгына баш ийүү үчүн босого талаптарына жооп бербесе да, алар сизге ыңгайлуу болушу үчүн бул жерде камтылган.

Эгер сиз жеке маалыматтарыңызды жок кылуу үчүн суроо-талап берсеңиз, бирок алар сиз сатып алган өнүмдөр же кызмат көрсөтүүлөр үчүн зарыл болсо, сиздин суроо-талабыңыз маалыматыңыз сатып алынган же биздин мыйзамдуу бизнес максаттарыбыз үчүн же иш кагаздарын жүргүзүү үчүн юридикалык же келишимдик талаптар үчүн керек болбогондо гана канааттандырылат,

## КАТТООЛОРДУ САКТОО

Каттоолорду сактоо мөөнөтү: Төмөндө баяндалган учурларды кошпогондо, мыйзамдын талаптарына ылайык же FLPнин макулдугу менен бул мөөнөт өзгөртүлгөн же алып салынган учурда, жалпы эреже катары FBOнун ишмердүүлүгүнө тиешелүү FLPнин бардык каттоолору он (10) жыл бою сакталат.

Forever ишкерлери (FBO)

| Документ | Сактоо мөөнөтү |
|---|---|
| Forever Ишкерлерине карата FLPнин саясаты жана процедуралары | Үзгүлтүксүз негизде |
| Forever Ишкеринин кызматтарын баалоо боюнча документ (б.а. кызматтарды баалоо боюнча | Дистрибьютордук ишмердүүлүгү токтотулгандан кийин 10 жыл |

| | |
|---|---|
| каттоолор, бонустарды алуу үчүн квалификация боюнча каттоолор) | |
| Forever Ишкеринин арыздары | Дистрибьютордук ишмердүүлүгү токтотулгандан кийин 10 жыл |
| Сатуулар боюнча эсеп-дүмүрчөктөрү | Сатылган күндөн тартып 10 жыл |

Ошол эле учурда, ишмердүүлүк (анын ичинде, бирок алар менен эле чектелбестен, аккредиттелген сатуулар, өнүмдөрдү сатып алуулар, демөөрчүлүк же комиссияларды жана/же бонустарды алуу) жүргүзбөгөн ар бир FBO (менеджер деңгээлинен төмөн), Артыкчылыктуу кардар же Чекене кардар ар кандай жети (7) жыл катары менен активдүү эмес деп эсептелет жана анын маалыматтары биздин Каттоолорду сактоо саясатына ылайык FLP тутумунан алып салынат.

## БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ ОНЛАЙН МААЛЫМАТКА КАРАТА САЯСАТ

FLP биздин сайттарды 18 жашка чыга элек адамдар колдонбой тургандыгына кепилдик берет. Биз 18 жашка чыга элек адамдар арасында маркетинг кылбайбыз жана алардан маалымат чогултпайбыз; маалыматтар чогулган биздин веб-баракчалардын бири да (анын ичинде, бирок булар менен чектелбестен, каттоо, буйрутманы тариздөө, маркетингдик жазылуу жана байланыш маалыматтарын талап кылуу) 18 жашка чыга элек адамдар үчүн арналган эмес жана колдонулбашы керек.

## АКШ ШТАТТАРЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ЖЕКЕ ЖАШООГО КОЛ ТИЙБЕСТИК УКУГУ

FLP жеке маалыматтарды коргоо (жеке жашоого кол тийбестик) боюнча АКШнын бардык колдонуудагы мыйзамдарын, анын ичинде жеке жашоого кол тийбестиктин кошумча укуктарын камсыз кылган айрым штаттардын же юрисдикциялардын мыйзамдарын сактоого милдеттенет. Калифорния штатынын Керектөөчүлөрдүн жеке жашоосун коргоо жөнүндө мыйзамы (CCPA), Вирджиния штатынын Керектөөчүлөрдүн жеке маалыматтарын коргоо жөнүндө мыйзамы (VCDPA), Колорадо штатынын жеке жашоону коргоо жөнүндө мыйзамы (ColoPA) ж.б.у.с. АКШнын мыйзамдарына ылайык жеке жашоого кол тийбестик укуктары жөнүндө толук маалымат алуу үчүн АКШнын айрым штаттарындагы жеке жашоого кол тийбестик укуктары боюнча толуктама менен таанышуу үчүн шилтемени басыңыз.

Толуктамада АКШнын кайсы бир штаты же юрисдикциясы көрсөтүлбөсө, биз бул штаттардын жана юрисдикциялардын жеке маалыматтарды коргоо (жеке жашоого кол тийбестик) жөнүндө бардык мыйзамдарын сактайбыз жана укуктарыңыздын тиешелүү түрдө жүзөгө ашырылышын камсыз кылабыз. Жеке маалыматтарды коргоого тиешелүү укуктарыңыз юрисдикцияга жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн экенине көңүл бурабыз, бирок биз бардык колдонуучуларга тиешелүү мыйзамга ылайык алардын жеке маалыматтарын ишенимдүү коргоону, маалыматтардын жеткиликтүү болуусун жана көзөмөлдөнүп туруусун камсыз кылууга кепилдик беребиз.

Жеке маалыматтарды коргоого тиешелүү укуктарыңыз боюнча суроолоруңуз же көйгөйлөрүңүз бар болсо, же АКШнын мыйзамдарына ылайык укуктарыңызды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү “Биз менен байланыш” бөлүмүндөгү жол-жобого ылайык биз менен байланышыңыз. Биз инсандыгыңызды текшерип, суроо-талабыңызды тиешелүү мыйзам талаптарына ылайык иштетебиз. Бул укуктар абсолюттук мүнөзгө ээ болбосо да, зарыл болсо, биз алардын толук сакталышын камсыз кылабыз.

## ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО УКУГУ

АКШ штаттарынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарга (жеке жашоого кол тийбестик) тиешелүү укуктар сыяктуу эле, FLP колдонуудагы чет мамлекеттердин жеке жашоого кол тийбестик жөнүндө бардык мыйзамдарын, анын ичинде жеке жашоого кол тийбестиктин кошумча укуктарын камсыз кылган айрым өлкөлөрдүн мыйзамдарын же юрисдикциялардын мыйзамдарын сактоого милдеттенет. Жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө жалпы регламент (GDPR) ж.б. атайын, америкалык эмес жеке жашоого кол тийбестик укуктары жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн төмөндө караңыз.

Төмөндө көрсөтүлбөгөн кайсы бир өлкөдө биз жеке маалыматтарды коргоо (жеке жашоого кол тийбестик)

жөнүндө бардык тиешелүү мыйзамдарга баш ийебиз жана сизди укуктарыңыз менен камсыз кылабыз. Сиздин жеке маалыматты коргоого тиешелүү укуктарыңыз юрисдикцияга жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн экенине көңүл бурабыз, бирок биз бардык колдонуучуларга тиешелүү мыйзамга ылайык алардын жеке маалыматтарын ишенимдүү коргоону, маалыматтардын жеткиликтүү болуусун жана көзөмөлдөнүп туруусун камсыз кылууга кепилдик беребиз.

Жеке маалыматтарды коргоого тиешелүү укуктарыңыз боюнча суроолоруңуз же көйгөйлөрүңүз бар болсо, же АКШнын мыйзамдарына ылайык укуктарыңызды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү “Биз менен байланыш” бөлүмүндөгү жол-жобого ылайык биз менен байланышыңыз. Биз инсандыгыңызды текшерип, суроо-талабыңызды тиешелүү мыйзам талаптарына ылайык иштетебиз. Бул укуктар абсолюттук мүнөзгө ээ болбосо да, зарыл болсо, биз алардын толук сакталышын камсыз кылабыз.

## МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ РЕГЛАМЕНТ № 2016/679 (GDPR-ЕС)

GDPRда аныкталган жеке маалыматтарды коргоо боюнча жогорудагы милдеттенмелерден тышкары, FLP кардарларды тейлөөнүн жогорку деңгээлин камсыз кылууга, жеке маалыматтарыңызды коргоого жана алардын купуялуулугун сактоого милдеттенет. Эгер сиз Европанын экономикалык аймагынын резиденти болсоңуз жана биз сиздин жеке маалыматыңызды Маалыматтарды коргоо жөнүндө жалпы регламентке (GDPR) ылайык сактайбыз деп ойлосоңуз жана суроолоруңуз бар болсо, сиз FLPнин жеке маалыматтарыңызды иштетүү ыкмасына же FLPнин даттанууну же суроо-талапты кароо ыкмасына нааразы болсоңуз, көзөмөлдөө органына арызданууга укугуңуз бар.

Сураныч, өлкөңүздө эң ылайыктуу Европанын экономикалык аймагынын көзөмөлдөө органын табуу үчүн төмөнкү шилтеме боюнча өтүңүз: https://edpb.europa.eu/about-edpb/board/members_en.

## LEI GERAL DE PROTEÇÃO DE DADOS № 13.709 / 2018 ЖЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МЫЙЗАМ (LGPD- БРАЗИЛИЯ)

Жогорудагы купуялуулукту камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерден тышкары, FLP компаниясы LGPDда аныкталган жеке маалыматтарды чогултуу, сактоо, колдонуу жана иштетүү боюнча өз милдеттерин аткарат. Мындай жеке маалыматтар мыйзамдуу жана максаттуу түрдө гана иштетилет. FLP жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу, жеке маалыматтарга уруксатсыз же кокусунан киргүнү, жок кылууну же кыянаттык менен пайдаланууну болтурбоо үчүн иштелип чыккан чараларды көрөт. FLP маалымат субъекттеринин укуктарын натыйжалуу жана ачык-айкын түрдө ишке ашырууга көмөктөшөт.

LGPD Бразилияда жашаган маалымат субъекттерине жеке маалыматтарды иштетүү боюнча белгилүү бир укуктарды берет. FLP бул укуктарды коргоого милдеттенет жана бул үчүн тиешелүү натыйжалуу жана ачык-айкын саясаттарды жана процедураларды иштеп чыккан. Маалымат субъектинин жеке маалыматтарына тиешелүү укуктары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Кабарлоо укугу. FLP бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүү менен камсыз кылат, анда жеке маалыматтар кантип иштетилет, анын ичинде FLP маалымат субъекттеринин жеке маалыматтары менен бөлүшө ала турган уюмдар жөнүндө кеңири маалымат берилет.
- Макулдукту кайтарып алуу укугу. Маалымат субъекттери макулдугун каалаган убакта кайтара алат, эгерде FLP мыйзамдуу максаттарда жана FLPнин Ички каттоолорду сактоо саясатына ылайык уруксат берилген маалыматтарды сактоого, анын ичинде өзүнүн юридикалык милдеттерин аткарууга жана мындай маалыматтарды жашыруун негизде гана пайдаланууга укуктуу болсо, FLP алардын маалыматтарын иштетүүнү жана жок кылууну токтотот.
- Жетүү укугу. Маалымат субъекттери алардын жеке маалыматтарынын иштетилгендиги жөнүндө ырастаманы FLPден ала алышат. Аталган ырастама алынган учурда, маалымат субъекттери өздөрүнүн жеке маалыматтарына кире алышат.
- Түзөтүү укугу. Маалымат субъекттери так эмес же толук эмес жеке маалыматтарды түзөтө алышат.
- Жок кылуу укугу. Маалымат субъекттери белгилүү бир жагдайларда жеке маалыматтарды жок кыла алышат.
- Иштетүүнү чектөө укугу. Жеке маалыматтардын тактыгы же иштетилиши боюнча талаш-тартыштар болгон учурда, маалымат субъекттери жеке маалыматтарды андан ары иштетүүгө убактылуу тыюу сала алат.

- Маалыматтарды көчүрүү укугу. Маалымат субъекттери жеке маалыматтарды башка текшерүүчүгө берүү максатында жеке маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.
- Каршы чыгуу укугу. Маалымат субъекттери каалаган убакта жана конкреттүү кырдаалга байланыштуу себептерден улам жеке маалыматтарды керексиз же ашыкча иштетүүгө каршы чыга алат.
- Автоматташтырылган жекече чечимдерди кабыл алуудан качуу укугу. Маалымат субъекттери юридикалык же ушуга окшош кесепеттерди, анын ичинде профилди түзүүнү жүргүзгөн автоматташтырылган иштетүүгө гана негизделген чечимге дуушар болбошу керек.

Эгерде сиз маалымат субъектинин кайсы бир укугун колдонгуңуз келсе же өз укуктарыңызды талкуулагыңыз келсе, ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүнүн “Биз менен байланыш” бөлүмүндө берилген байланыш маалыматтарынын бирин колдонуу аркылуу бизге кабарлаңыз. Текшерүү максатында биз сизден өзүңүздүн инсандыгыңызды тастыктаган жарактуу документти берүүңүздү суранышыбыз мүмкүн.

FLP кардарларды тейлөөнүн жогорку деңгээлин камсыз кылууга, жеке маалыматтарыңызды коргоого жана алардын купуялуулугун сактоого милдеттенет. Эгер сиз Бразилиянын резиденти болсоңуз жана биз сиздин жеке маалыматыңызды LGPDга ылайык сактайбыз деп ойлосоңуз жана суроолоруңуз бар болсо, FLPнин жеке маалыматтарыңызды иштетүү ыкмасына же FLPнин даттанууну же суроо-талапты кароо ыкмасына нааразы болсоңуз, Маалыматтарды коргоо боюнча улуттук орган же ANPD катары белгилүү болгон улуттук органга даттанууга укугуңуз бар.

## ЖЕКЕ ЖАКТАРДЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ ФЕДЕРАЛДЫК МЫЙЗАМ (LFPDPPP - МЕКСИКА)

Жогорудагы купуялуулук боюнча милдеттенмелерден тышкары, Мексикада жашаган адамдар LFPDPPPга ылайык жеке маалыматтарга жетүү, жеке маалыматтарды түзөтүү, жеке маалыматтарды жокко чыгаруу же жеке маалыматтарды иштетүүгө каршы чыгуу укугуна ээ («ARCO укуктары»). Эгерде сиз кайсы бир ARCO укугун колдонгуңуз келсе, анда бул жөнүндө ушул Жеке маалыматты коргоо тартиби жөнүндө билдирүүнүн "Биз менен байланыш" бөлүмүндө көрсөтүлгөн байланыш маалыматтары аркылуу бизге кабарлаңыз. Текшерүү максатында өзүңүздүн инсандыгыңызды тастыктаган документти берүүңүздү суранышыбыз мүмкүн.

## ЖЕКЕ ЖАШООНУ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ №119 (1988-Ж.) (ЖЕКЕ ЖАШООНУ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ - АВСТРАЛИЯ)

Австралиялык керектөөчүлөр үчүн: эгерде FLP суроо-талабыңызды же даттанууңузду жазуу жүзүндө алгандан кийин ага акылга сыярлык мөөнөт ичинде жооп бербесе, же бизден алган жооп сизди канааттандырбаса, Австралиянын Маалымат комиссарынын башкармалыгына (“OAIC”) даттануу менен кайрыла аласыз. OAIC менен кантип байланышуу керектиги жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн www.oaic.gov.au сайтына кириңиз.

## КАНАДАНЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ЖАНА ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТТЕРДИ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМЫ (PIPE-DA) ЖАНА АЛБЕРТА ЖАНА БРИТАНИЯЛЫК КОЛУМБИЯ ПРОВИНЦИЯЛАРЫНЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРЫ (PIPA)

Канаданын Жеке маалыматтарды жана электрондук документтерди коргоо жөнүндө мыйзамы (PIPE-DA) жана Алберта жана Британиялык Колумбия провинцияларынын жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдары (PIPA) аныктаган субъекттерге карата жеке сектордо жеке маалыматтар менен иштөө стандарттарын аныктайт. Аталган мыйзамдарда аныкталган жеке жактар компаниялардын колдонуусунда болгон маалыматтарга жетүү, ошондой эле мындай маалыматтарды түзөтүү укугуна ээ. Ошондой эле жеке жактар төмөнкү укуктарга ээ:

- Жеке маалыматтардын уюм тарабынан чогултулушу же колдонулушу боюнча өтүнмө менен кайрылуу.
- Уюмда жеке маалыматтарды коргоо боюнча ким жооптуу экенин билүү.

- Уюмдар жеке маалыматтарды тийиштүү түрдө колдонот, чогултат же ачыкка чыгарат деп күтүү.
- Уюмдар жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук алуу боюнча талапты аткарат жана жеке маалыматтарды тиешелүү түрдө коргоо үчүн керектүү процедураларды жана чараларды көрөт деп күтүү.
- Эгерде жеке жашоо укуктары бузулса, уюмдун жеке маалыматтарды коргоо боюнча жооптуу жетекчилигине кайрылуу.
- Биз сиздин инсандыгыңызды же мындай суроо-талаптарды жасоого укугуңуз бар экенин, жеке маалыматтар сизге тиешелүү экендигин тастыктамайынча, биз сиздин суроо-талабыңызга жооп бере албайбыз же сизге жеке маалымат бере албайбыз. Жогоруда көрсөтүлгөн укуктар абсолюттук мүнөзгө ээ эмес экенин жана натыйжада, колдонуудагы мыйзамдарда тиешелүү жоболор каралса, биз сиздин суроо-талабыңызды толугу менен же жарым-жартылай аткаруудан баш тартышыбыз мүмкүн экенин эске алыңыз.

## 2023-ЖЫЛДАГЫ ИНДИЯНЫН САНАРИПТИК ФОРМАТТАГЫ ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМЫ (DPDPA)

Индиянын Санариптик форматтагы жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамы (DPDPA) Индия аймагында жеке маалыматтарды чогултууга, иштетүүгө же сактоого катышкан бардык адамдарга карата колдонулат. Бул адамдарга Индия аймагында товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган индиялык юридикалык жактар, чет элдик компаниялар жана коммерциялык максатта жеке маалыматтар менен иштеген жеке жактар кирет. Негизинен, Индиянын санариптик чөйрөсүндө иштеген ар бир адам Индиянын мыйзамдарына баш ийиши керек.

DPDPAга ылайык, жеке жактар (маалымат субъекттери) өздөрүнүн жеке маалыматтарына тиешелүү өзгөчө укуктарга ээ:

- <u>Жеткиликтүүлүк жана ачык-айкындуулук</u>: Сиз жөнүндө бизде кандай жеке маалыматтар бар экенин, анын ичинде биз чогулткан маалыматтардын категорияларынын чоо-жайын, аларды иштетүү максаттарын жана биз аларды бөлүшкөн үчүнчү тараптарды билүүгө укугуңуз бар.
- <u>Тактык жана түзөтүүлөр:</u> Сиз колубузда болгон ар кандай так эмес же толук эмес жеке маалыматтарга түзөтүү киргизүүнү талап кыла аласыз. Биз иликтөө жүргүзүп, суроо-талабыңызга мүмкүн болушунча тез арада жооп берүүгө милдеттүүбүз.
- <u>Жок кылуу (өчүрүү) жана контролдоо</u>: Белгилүү бир жагдайларда, эгер жеке маалыматтарыңыз белгиленген максатта керектелбесе же макулдугуңуздан баш тарткыңыз келсе, аларды жок кылууну талап кылууга укугуңуз бар.

  <u>Иштетүүнү чектөө:</u> Маалыматтарды иштетүү ыкмасын, анын ичинде алар кандай максатта колдонуларын жана маалыматтарга кимдер жете аларын чектей аласыз.
- <u>Каршы чыгуу жана тандоо укугу:</u> Сиз түздөн-түз маркетинг сыяктуу айрым маалыматтарды иштетүү аракеттерине каршы чыгууга укугуңуз бар. Биз сизге баш тартуу мүмкүнчүлүгүн беребиз.
- <u>Маалыматтарды көчүрүү жана аларга ээлик кылуу укугу:</u> Сиз жеке маалыматыңызды башка кызмат көрсөтүүчүгө өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берүүчү ыкма менен талап кыла аласыз.
- <u>Макулдук берүү жана баш тартуу укугу:</u> Сиз каалаган убакта маалыматтарды иштетүүгө макулдугуңуздан баш тартууга укугуңуз бар. Биз бул процесстин татаал эмес болушун камсыз кылабыз жана ар кандай кесепеттер тууралуу кабарлайбыз.
- <u>Даттануулорды берүү жана жоопкерчилик:</u> Эгер маалыматка тиешелүү укугуңуз бузулду деп ойлосоңуз, Индиянын Маалыматтарды коргоо кеңешине арыз менен кайрылсаңыз болот. Биз DPDPAнын талаптарын аткарууга милдеттенебиз жана маалыматтар менен болгон иш-аракеттерибиз үчүн жооп беребиз.

Бул укуктарды кантип жүзөгө ашыруу керектиги тууралуу маалымат алуу үчүн ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө берилген байланыш маалыматтары боюнча кайрылыңыз. Биз сиздин инсандыгыңызды же мындай суроо-талаптарды жасоого укугуңуз бар экенин, жеке маалыматтар сизге тиешелүү экендигин тастыктамайынча, биз сиздин суроо-талабыңызга жооп бере албайбыз же сизге жеке маалымат бере албайбыз. Жогоруда көрсөтүлгөн укуктар абсолюттук мүнөзгө ээ эмес экенин жана колдонуудагы мыйзамдарда тиешелүү жоболор каралса, биз сиздин суроо-талабыңызды толугу менен же жарым-жартылай аткаруудан баш тартышыбыз мүмкүн экенин эске алыңыз

## ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ (AI) КОЛДОНУУ

FLP веб-сайтты колдонууну жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу максатында жасалма интеллект технологияларын, анын ичинде, бирок аны менен чектелбестен, генеративдик AI чечимдерин жана чатботторду колдоно алат. FLP веб-сайтын колдонуу менен AI технологиялык платформасына маалымат берүүнү чечсеңиз, муну өзүңүздүн каалооңуз жана тобокелиңиз боюнча жасай турганыңызды моюнга аласыз жана макул болосуз. Бизге берген маалыматтарыңыз үчүн сиз гана жооптуусуз, ал эми биз мындай маалыматты ачыкка чыгаруудан келип чыккан кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартпайбыз. Мындан тышкары, FLP AI технологиялары тарабынан түзүлгөн маалыматтын негизинде кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчилик тарта албайт. Мындай тутумдарга маалымат берип жатканда аң-сезимдүү мамиле жасооңузду сунуштайбыз.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2008-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕГИ № 58 "ЖЕКЕ МҮНӨЗДӨГҮ МААЛЫМАТ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМЫ (2022-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ АКЫРКЫ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРҮ МЕНЕН) ("ЖЕКЕ МҮНӨЗДӨГҮ МААЛЫМАТ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМ)

Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамга ылайык, жогоруда көрсөтүлгөн купуялуулукту коргоо милдеттеринен тышкары маалымат субъекти төмөнкү укуктарга ээ:

- Сиз жөнүндө бизде бар болгон маалыматтарга жетүү укугу;
- FLPден жеке маалыматтарды иштетүү жөнүндө маалымат алуу укугу;
- Жеке маалыматтарды каалаган үчүнчү жакка өткөрүп берүү жөнүндө маалымат алуу укугу;
- FLPден жеке маалыматтарды талап кылуу укугу;
- Жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого жана өткөрүп берүүгө, анын ичинде трансчегаралык өткөрүп берүүгө макулдукту FLPден кайтарып алуу укугу;
- Так эместиктер аныкталган учурда жеке маалыматтарды бөгөттөөнү жана/же бөгөттөн чыгарууну талап кылуу укугу;
- Мындай өзгөрүүлөр тиешелүү документтер менен ырасталган учурда, FLPге берилген жеке маалыматтарды өзгөртүү укугу;
- Жеке маалыматтарды чогултуу мыйзамсыз деп табылса, каршы чыгуу укугу.

## ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ САЯСАТЫ

Эгер сиз жеке маалыматты FLPге берүүнү, биздин веб-сайтты колдонууну же биздин ишмердүүлүгүбүзгө катышууну чечсеңиз, тынчтык жолу менен чечүү мүмкүн эмес болгон талаш-тартыштар ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө жана төмөнкү шилтеме боюнча жеткиликтүү болгон Талаш-тартыштарды чечүү саясатында белгиленген жол-жобо менен жөнгө салынат

## ЖООПКЕРЧИЛИКТЕН БАШ ТАРТУУ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЧЕКТӨӨ

Бул веб-сайт "кандай болсо, ошол абалда" берилет. FLP эч кандай кепилдик, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, сатууга жарамдуулук, белгилүү бир максатка ылайыктуулук, шайкештик, коопсуздук, тактык, толуктук, пайдалуулук же бул веб-сайтка же анда берилген ар кандай маалыматка карата укуктарды бузбоо боюнча кепилдиктерди ачык же кыйыр түрдө бербейт. Сиз бул веб-сайтты колдонуудан келип чыккан бардык жоопкерчиликти жана жоготуу тобокелдигин, анын ичинде маалыматтарды жоготуп алууну өз мойнуңузга аласыз. Биз вирустардын жана башка зыяндуу нерселердин алдын алуу үчүн бардык акылга сыярлык чараларды көрүүгө ниеттенгенибиз менен бул веб-сайтта вирустар же башка потенциалдуу зыяндуу компоненттер жок экенине кепилдик бербейбиз. Биз бул веб-сайттын иштеши үзгүлтүксүз же катасыз болоруна кепилдик бербейбиз, ошондой эле мазмунунда же ушул веб-сайтта жеткиликтүү болгон башка материалдарда же өнүмдөрдө кечигүүлөр, кемчиликтер, үзгүлтүккө учуроолор же так эместиктер болушу мүмкүн. Биз маалыматтардагы каталар, каталыктар же кемчиликтер үчүн жооптуу эмеспиз.

## ЖООПКЕРЧИЛИКТЕН БАШ ТАРТУУ

Сиз FLPнин (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, анын кызмат адамдарынын, мүдүрлөрүнүн, кызматкерлеринин) бул веб-сайтты же гипер шилтемелер менен каалаган веб-сайтты же бул веб-сайтты колдонуу аркылуу сатып алынган ар кандай маалыматты же өнүмдөрдү колдонуудан же колдонуу мүмкүн эместигинен келип чыккан, анын ичинде жоготулган пайда, бизнестин үзгүлтүккө учурашы, программалардын же башка маалыматтардын жоголушу же башка жол менен алынган кандайдыр бир түз же кыйыр дооматтар, зыяндар же чыгашалар үчүн жоопкерчилик тартпай турганына макул болосуз.

Мындан тышкары, биз бул веб-сайтка байланыштуу башкалардын аракеттери, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, FBOнун жеке маалыматтарын бузууга байланыштуу аракеттер үчүн жооп бере албашыбызга макул болосуз, анткени алар - көз карандысыз подрядчылар. Мындай зыяндын болушу мүмкүн экендиги жөнүндө эскертилген болсо да, сиз ушуну менен келишимге, укук бузууга же башка себептерге негизделген бардык дооматтардан баш тартасыз. Айрым юрисдикциялар жоопкерчиликти чектөөгө же кыйыр кепилдиктерди алып салууга жол бербейт, ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн чектөөлөрдүн баары сизге карата колдонулушу мүмкүн эмес.

## ЗЫЯНДЫН ОРДУН ТОЛТУРУУ

Сиз “FLP” компаниясын (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, анын кызмат адамдарын, мүдүрлөрүн жана кызматкерлерин) бул веб-сайтты колдонуудан же кандайдыр бир жол менен келип чыккан бардык дооматтардын жана чыгымдардын, анын ичинде адвокаттык жыйымдардын ордун толтурууга макул болосуз, бул ачык жана чектөөсүз башка адамдардын укуктарын, анын ичинде алардын жеке маалыматтарын жана интеллектуалдык менчик укуктарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти камтыйт.

## ЖОБОЛОРДУН АЖЫРАТЫЛЫШЫ

Бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүнүн кайсы бир бөлүгү жараксыз же аткарылууга мүмкүн эмес деп табылса, мындай бөлүк колдонуудагы мыйзамдарга ылайык тараптардын баштапкы ниеттерин мүмкүн болушунча так чагылдыргандай чечмеленүүгө тийиш, ал эми калган бөлүктөр толук күчүндө жана күчүндө кала берет.

## БИЗ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ

Бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүгө байланыштуу суроолоруңуз же даттанууларыңыз болсо, биз менен байланыша аласыз:
электрондук почта аркылуу: privacy@foreverliving.com телефон аркылуу: 1-888-440-ALOE (2563)

Ошондой эле сиз өлкөңүздөгү FLP кеңсеси менен байланышсаңыз болот:
электрондук почта аркылуу: flpkyrgyzstan@yahoo.com телефон аркылуу: +996 312 624906

Жогоруда көрсөтүлгөн электрондук почта даректерине келген бардык билдирүүлөр жигердүү түрдө көзөмөлдөнөт жана биз сизге ишенимдүү жооп бере алышыбыз үчүн башкарылат. Биз бардык суроолорго, суроо-талаптарга же көйгөйлөргө суроо-талаптын предмети болгон жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө ченемдик укуктук актыда көрсөтүлгөн мөөнөттө жооп беребиз. Эгер биздин жообубузга канааттанбасаңыз, жеке маалыматтар боюнча даттанууларды өлкөңүздөгү маалыматтарды коргоо үчүн жооптуу мамлекеттик органга жөнөтө аласыз.

Маалыматтарды өткөрүп берүү талаптарын канааттандыруу үчүн сиздин жеке маалыматыңызды берүү үчүн колдонууга оңой жана маалыматты бир уюмдан экинчисине өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берүүчү форматты тандайбыз.

Биз маалыматтарды коргоо боюнча ар кандай даттанууну же тынчсызданууну адилеттүү чечүү үчүн сиз менен кызматташууга чечкиндүүбүз. Эгерде жеке маалыматтарга байланыштуу көйгөйлөр бар деп эсептесе, биз маалыматтарды коргоо боюнча улуттук органдар менен кызматташабыз.

## ЖЕКЕ МААЛЫМАТТЫ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮГӨ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ

Биз ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүгө каалаган убакта өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүбүзгө калтырабыз. Эгерде биз бул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө

билдирүүгө өзгөртүүлөрдү киргизүүнү чечсек, ал өзгөртүүлөрдү ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдө жана биз зарыл деп эсептеген башка документтерде жарыялайбыз, ошондо биз кандай маалыматты чогултуп жатканыбызды, аны кантип колдонгонубузду жана кандай жагдайларда, эгерде бар болсо, аны ачыкка чыгарганыбызды билесиз. Эгерде биз ушул Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүгө олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизсек, бул тууралуу сизге электрондук почта же веб-сайтыбыздын башкы бетине жайгаштыруу аркылуу кабарлайбыз. Эгерде сиз Жеке маалыматты колдонуу тартиби жөнүндө билдирүүдөгү кайсы бир өзгөртүүлөргө макул болбосоңуз, каттоо эсебиңизди жапсаңыз болот же биздин кызматтарды колдонууну токтотсоңуз болот.